**«Грин Телеком Сервис» ЖЧКсында жеке жактар тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартиби**

Ушуну менен «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсы (мындан ары – Оператор) Оператор менен «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсында жеке жактар тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартибине кошулуу келишимин (мындан ары – Келишим) төмөндө көрсөтүлгөн шарттарда түзүү жөнүндө мөөнөтсүз сунушун (Ачык офертаны) жеке жактарга жолдойт. Ачык оферта Колдонуучу тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга менен Келишимге кол коюу жолу менен же, сунуш кылынган Келишимге жалпысынан ушул Ачык офертаны Акцепттөө жолу менен Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-б. 3-п., 395-б., 398-б., 399-б., 402-б. ылайык кабыл алынышы мүмкүн.

Келишим Колдонуучу тарабынан Электрондук документтерге кол коюуда жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу боюнча Оператор менен Колдонуучунун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу максатында, Оператордун веб-сайтына жана/же Маалымат системасына жарыяланган Оператордун Ачык офертасын Акцепттөө жолу менен түзүлөт. Бул Ачык оферта күчүн жоготту деп таанылган учурга чейин, же болбосо Ачык офертанын жаңы редакциясы жарыяланган учурга чейин күчүндө болот.

Бул Ачык офертада жана Келишимде төмөнкү терминдер жана алардын аныктамалары колдонулат:

**Акцепт** – Колдонуучунун Ачык офертанын шарттарын кабыл алууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюу жолу менен же ушул Келишимге ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга менен Электрондук документтерге кол коюу жолу менен Келишим түзүүгө толук жана шартсыз макулдугу, ушунун негизинде Колдонуучунун Ачык офертанын шарттарын кабыл алууга толук жана шартсыз макулдугу алынды, ал эми Келишим түзүлдү деп эсептелет.

**Келишим** – Оператор менен Колдонуучунун ортосунда Ачык офертаны Акцепттөө жолу менен түзүлүүчү «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсында жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу тартибине кошулуу келишими.

**Колдонуучу** – укукка жана иш-аракетке жөндөмдүү жеке жак, анын ичинде ишкердик ишти жүзөгө ашырган, Оператор менен ушул Келишимди түзгөн жана Оператордун кызмат көрсөтүүсүн колдонууну каалаган/колдонгон жеке жак.

**Маалымат системасы (мындан ары – МС)** – «Мой О! + Банк» Мобилдик тиркемеси, Колдонуучуга Оператордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген финансылык кызматтарын жана сервистерин көрсөтүүгө арналган программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруу иш-чараларынын системасы.

**Телефон номери** - Колдонуучу тарабынан МСга кирүүдө көрсөтүлгөн мобилдик телефондун номери.

**Код** (OTP-код, ырастоо коду) – Колдонуучуну МСда текшерүү жана ийгиликтүү авторизациялоо үчүн Колдонуучунун Телефон номерине СМС-билдирүү түрүндө жөнөтүлгөн 7 (жети) цифранын бир жолку ырааттуулугу. Коддун жарамдуулук убактысы СМС-билдирүү жөнөтүлгөн учурдан тартып 3 (үч) мүнөттү түзөт.

**Хештөө (хеш)** – бул атайын иштелип чыккан математикалык алгоритмдердин жардамы менен маалыматты белгиленген узундукка айландыруу процесси. Хештөө маалыматтардын бүтүндүгүн текшерүү үчүн колдонулат, анткени баштапкы маалыматтын ар кандай өзгөрүшү

хеш-сумманын өзгөрүшүнө алып келет. Хеш-сумма – бул баштапкы маалыматтарга уникалдуу дал келген жана алардын уникалдуу белгиси катары кызмат кылган кыска символдор.

**Ачык оферта** – Оператордун веб-сайтында жана/же МСда жарыяланган жана Колдонуучуларга жолдонгон Оператордун Келишим түзүү сунушу.

**Жөнөкөй электрондук кол тамга, ЖЭК** – электрондук формадагы башка маалыматка (кол коюла турган маалыматка, электрондук түрдөгү документке) кошулган же мындай маалымат менен башкача түрдө байланышкан жана маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонула турган электрондук формадагы маалымат.

**Кол тамганын Ачкычы** – электрондук кол тамганы түзүүгө арналган символдордун уникалдуу ырааттуулугу, ал электрондук кол тамганын өзүнө дал келет жана коддорду, паролдорду жана башка идентификаторлорду камтышы мүмкүн.

**Электрондук документ** – Оператордун автоматташтырылган системаларын колдонуу менен МСда жана/же Оператордун веб-сайтында түзүлгөн электрондук документ:
- жеке маалыматтар субъектинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу;
- ушул Келишим.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. МСда Колдонуучу тарабынан Электрондук документтерге кол коюу үчүн жөнөкөй электрондук кол тамга колдонулат.
1.2. Келишимде (Акцептте) камтылган Колдонуучунун фамилиясы, аты, атасынын аты жана Код (бар болсо) Келишимге кол койгон Колдонуучуну көрсөткөн маалымат болуп эсептелет.
1.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлган электрондук формадагы маалымат өз колу менен коюлган кагаз жүзүндөгү документке барабар Электрондук документ катары таанылат. Колдонуучунун жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондогудай эле юридикалык кесепеттерди жаратат.

## 2. ЭЛЕКТРОНДУК ДОКУМЕНТКЕ КОЛ КОЮУ ТАРТИБИ

2.1. Электрондук документке кол коюу үчүн төмөнкү иш-аракеттерди аткаруу зарыл:
2.1.1. Төмөнкү шарттар аткарылганда Электрондук документке жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлду деп саналат:
- Электрондук документти түзүүдө жана (же) жөнөтүүдө кол тамганын Ачкычы көрсөтүлсө;
- түзүлгөн (жөнөтүлгөн) Электрондук документте анын атынан Электрондук документ түзүлгөн (жөнөтүлгөн) адамды көрсөтүүчү маалымат камтылса.
2.2. МСда жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу үчүн жөнөкөй электрондук кол тамганын ээси Телефон номерин жана Телефон номерине жөнөтүлгөн Кодду колдонуп, МСда ийгиликтүү авторизацияланышы керек. Электрондук документке кол коюу МС интерфейсинде Электрондук документти тандоо жана кол коюу баскычын («Ырастоо» же МС форматында жол берилген башка ырастоочу жоопту) басуу менен аткарылат. Ушунун негизинде Электрондук документ менен макул болгон учурда Колдонуучу МСдагы тиешелүү ырастоо баскычын басуу менен өз ниетин тастыктайт, ал эми макул болбогон учурда ырастоо баскычын басуу боюнча аракеттерди жасабайт.

## 3. МААЛЫМАТТЫ САКТОО

3.1. Ушул Келишимдин 2-бөлүмүндө баяндалган шарттар сакталган учурда, Оператор жөнөкөй электрондук колтамганы Электрондук документке тиркөөнү жана аны өзгөртүүсүз сактоону жүзөгө ашырат. Кол коюлган Электрондук документтин өзгөрбөстүгү бүтүндөй хештөө менен, башкача айтканда, Электрондук документтин жана жөнөкөй электрондук кол тамганын бардык

символдорунун хеш-суммасын алуу менен кепилденет.
3.2. Оператор төмөнкү иш-аракеттер жөнүндө жазуулардын (логдордун) сакталышын камсыз кылат:
3.2.1. Ачык офертанын шарттары менен таанышуу баскычы басылганы жөнүндө, баскычты баскан күндү жана так убактысын көрсөтүү менен;
3.2.2. МСда авторизациялоо учурунда Телефон номерине Код жөнөтүлгөнү жөнүндө, Телефон номерин, жөнөтүлгөн күндү жана так убактысын көрсөтүү менен;
3.2.3. МС интерфейсинде Электрондук документ тандалганы жана кол коюу баскычы басылганы жөнүндө («Ырастоо» же МС форматында жол берилген башка ырастоочу жооп).

## 4. ТАРАПТАРДЫН КЕПИЛДИКТЕРИ, УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ

4.1. Бул Тартипке кошулуу менен Колдонуучу төмөнкүлөрдү тастыктайт жана кепилдейт:
4.1.1. МСда авторизациялоодо көрсөтүлгөн Телефон номеринин ээси болуп Колдонуучунун өзү саналарын;
4.1.2. МСда авторизациялоодо көрсөтүлгөн Телефон номерине, ошондой эле телефондун өзүнө үчүнчү жактар кире албай тургандыгын;
4.1.3. СМС-билдирүү жана Интернет аркылуу маалымат алмашууда корголбогон байланыш каналдарын колдонууга байланышкан, үчүнчү жактардын Кодго жана МСга уруксатсыз кирүүсүнө байланышкан тобокелдиктер менен макул экенин жана аларды толук көлөмдө өз моюнуна аларын.
4.2. Тараптар Коддун купуялуулугун сактоого жана аны үчүнчү жактарга билдирбөөгө милдеттүү.
4.3. Оператор төмөнкү учурларда жоопкерчилик тартпайт:
4.3.1. Колдонуучу жеке маалыматтарын туура эмес көрсөткөндө, ээси (абонент) өзү болуп саналбаган Телефон номерин көрсөткөндө, ошондой эле Телефон номерине жана/же Кодго үчүнчү жактар кирүү мүмкүндүгүн алган учурда;
4.3.2. Операторго көз каранды болбогон себептерден улам келип чыккан жана Колдонуучу Кодду өз убагында албаганына же такыр албаганына алып келген, ошондой эле Колдонуучу Кодду өз убагында же такыр киргизбей калышына алып келген мобилдик байланыштын, Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тармактын, электр байланыш тармактарынын ишиндеги үзгүлтүктөр үчүн;
4.3.3. Колдонуучу МС аркылуу, ошондой эле Колдонуучунун жабдуусунда орнотулган тиркемелер жана программалар аркылуу же анын МСдагы идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарынын жардамы менен, анын ичинде Операторго көз каранды болбогон себептерден улам кирүү мүмкүндүгүн жоготкон учурда үчүнчү жактардын Колдонуучунун атынан Колдонуучунун уруксаты менен же уруксаты жок аткарган иш-аракеттери үчүн өз алдынча тобокелдик жана жоопкерчилик тартат.